УДК 811.512(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2023-1-232-238

**Калыбаева А.Б.**
филол. илим. канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Адамалиева М.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА СТУДЕНТТЕРДИН ЭТНОМАДАНИЙ ТҮШҮНҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Аннотация:** Кыргыз эли көп кылымдарды аркалап жараткан рухий табылгалары, оозеки философиялык ой чабыттары аркылуу урпактарын сөздүн улуу күчү менен тарбиялап келген эл болгон. Ошондуктан, кыргыз тилин улуттук дүйнө таанымына таянып окутуу гана өз максатына жеткирет кеп маданиятына аны өркүндөтүүгө багытталган ушул сыяктуу руханий баалуулуктарды сабактарда колдоно билүү сабактын эффективдүүлүгүн арттырат.

**Негизги сөздөр:** Астейдил мамиле, жаратмандык, жети ата, баалуулуктар, мурас, керемет,жамы журт, кеп,ыроолоо.

**Калыбаева А.Б.**
канд. филол. наук, доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Адамалиева М.**
преподаватель,
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева

# ФОРМИРОВАНИЕ ЭТНОКУЛЬТУРНЫХ КОНЦЕПЦИЙ СТУДЕНТОВ ПРИ ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ

**Аннотация:** Кыргызский народ на протяжении многих веков воспитывал будущие поколения на основе своих духовных традиций, ценностей и родного языка. Поэтому только на основе национального мировоззрения и обучение кыргызскому языку народ сможет не затеряться в волнах истории и сохранить свою культуру. Умение использовать исконные духовные ценности на уроках, направленных на рост культуры речи, повышает эффективность урока.

**Ключевые слова:** дружелюбное отношение, разумное отношение, творчество,семь отцов, ценности, наследие, потрясаюшее, народ,речь, предположение.

**Kalybaeva A.B.**
Candidate of Philological Sciences, Associate Pprofessor
Kyrgyz State University named after I.Arabaeva
**Adamalieva M.,**
Lecturer
Kyrgyz state University named after I. Arabaeva

# FORMATION OF ETHNO-CULTURAL CONCEPTS OF STUDENTS IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE

**Annotation**: The Kyrgyz people have been educating future generations for many centuries on the basis of their spiritual traditions, values and native language. Therefore, only on the basis of a national worldview and teaching the Kyrgyz language, the people will be able not to get lost in the waves of history and preserve their culture. The ability to use the primordial spiritual values in lessons aimed at the growth of the culture of speech increases the effectiveness of the lesson.

**Keywords:** Friendly relations, reasonable attitude, creation, seven fathers, values, heritage, awesome, people, speech, assumption.

КИРИШҮҮ: Ата-бабадан бизге жеткен руханий баалуулуктарды өз деңгээлинде кеңири пайдалануу,окуп үйрөнүү, алардын эл үчүн кылган баалуу иштерин даңазалоо биздин парзыбыз болууга тийиш. Азыркы жашообузда өткөн кыргыз турмушу улам алыс калып, ошол элдик бай мурастар аркылуу жаштарга тарбия бере жүрүү солгун тарткандай. Алалы, кыргыз элинин башка улуттардан айырмаланган мыкты өзгөчөлүктөрү эле узун сабак кеп эмеспи? Кеменгер кыргыздын улууга урмат, кичүүгө ызат, сөз берип койдум эле,кой уят – деген сөзү Залкар жазуучу Ч. Айтматовдун "Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу" ж.б. сыяктуу айтылган ойлору адамдагы асыл сапаттарды алардын тарбия берүүчүлүк касиеттерин түшүндүрүп турат.

ИЗИЛДӨӨНҮН МАКСАТЫ: Кылым карыткан элибиздин улуттук дөөлөттөрүн, руханий дүйнөбүздөгү башкаларга окшобогон өзгөчөлүктөрүбүздү, кыргыздын дүйнө таануу туюму жөнүндө жаштардын ички кызыгуусун ойготуу. Сабактын натыйжалуулугуна жетишүү үчүн сабакта кырдаалдык – тематикалык материалдарды далилдеп түшүндүрүү, чыгармачыл негизде уюштура билүү, материалды далилдеп түшүндүрүү,анын маңызын ар тарпатан ачып берүүгө аракет кылуу.

ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДУ: Макалада камтылган жагдайлар окуп, үйрөнүп жаткан материалдын мүнөзүнө, ички логикасына, анын маңызын ачууга жасаган окутуучунун чыгармачылыгына карата жүргүзүлөт. Ушундай кырдаалдык жагдайлар гана тил үйрөнүүгө таяныч жана анын ачкычы боло алат. Ал тилге үйрөтүүнүн кызыктуу методикалык ыкмасы катары да кызмат кылат. Окутууга жаңыча түр берүү тилдерди окутууда колдонулуп келе жаткан, практикада чоң ийгиликтерди жарткан сыналган методдордун мазмунун байытуу үчүн жасалган чыгармачыл мамиле, аны тереңдетип изилдөө оң натыйжаларды берип келет [1].

НЕГИЗГИ МАЗМУНУ: Элибизден чыккан акылман аталарыбыз "Досуңду көрсөтчү, сенин ким экениңди айтайын" дегени, "Жандоочуң кийик аттырат", "Досуңдун кандай адам экендиги башыңа кыйын иш түшкөндө билинет", "Соодада достук жок "деген макалдардагы таамай айтылган ойлордо Сенин ким экендигиңди чогуу жүргөн жоро-жолдошуңдан баамдашкандыгы. Адамдагы өксүк жактарды да ошол эле курбу-кудашың тагыраак билет дегени. Берилген макалдардагы камтылган керемет ойлор - Досуңдун алдында да өзүңдүн абройунду сактап жүр, адамдагы жакшы, жаман сапаттарды айырмала деген тарбия десек жаңылышпайбыз. Кыргыз элинин манасчылык, төкмөлүк, чечендик, сынчылык, саяпкерлик, мүнүшкөрлүк, чабандестик, узчулук өңдүү жаратмандыгы, улуу маданияты, кылымдарды камтыган карт тарыхын билүү өз элибиздин 350–420 жылдык тарыхын билүү болсо, Манас дастанын окуп үйрөнүү аркылуу мындай улуу дөөлөттү жараткан аталардын урпагы экендигибизди ар дайым туу кылып жүрүү керек дегенди тастыктап турат. Ал эми кыргыз жашоосундагы көчмөн турмуш, андагы жаздоо, жайлоо, күздөө, кыштоо түшүнүктөрүбүз,

кыргыздын улуттук таалим-тарбия салттарындагы КҮН, АЙ, ЖЕР, ЖЫЛДЫЗДАРГА карата айтылган астрономиялык билими, баланы табият менен байланыштуу жашоо боюнча билимге көнүктүргөнү. Мындай улуу жаратмандык эч бир улуттун баалуулуктарында мынчалык терең берилбеген. Айга, күнгө жалынуу, табиятка табынуу деген элибиздин салты бул – ак, таза болуу, адепти сактоо, жандуу жансызга астейдил мамиле кылуу, жаман иш жасоо бул күнөө деп акыл калчоо деген түшүнүктөрдү камтыган тарбиялоонун каражаты болгон [3].

Жамы журттун жашоосу Ай астында, Күн менен Жер ортосунда өткөн.Алар ар бир күнүн айга карап баамдаган, эртеңин, оокат – күнүн Айга карап ыроологон, божомолдогон. Айдын жаңырганын көргөн азыркы адам деле ошол жерге токтоп, атайын айтымдарды кобурап бата тилейт. Мисалы: Айдан аман кыл.Жылдан эсен кыл.Келерки ушул күнгөчө, өсүп – өнүп тололу деген тилек айтуу жакшы эле салтыбыз болсо керек . Студенттердин тилин жатыктыруучу материалдар менен иштөөдө ушундай саптарга өз толуктоолорунарды киргизип көргүлө табиятка карата дагы кандай айтымдарды кошумчалап табынсак болот деген өңдүү тапшырмалар кызыктуу болот экендиги байкалат.Дагы мисалдарга токтолсок,Кыргыз этносунун бүтүндөй ааламы сыйган “Манаста” “Ачууланып оп тартса, Ай ааламды соруптур” же “Ай тийген жердин баарысын, алат экен балаңыз”, “Күн тийген жердин баарысын, күтөт экен балаңыз” деген саптар АЙ кыргыздар үчүн ыйык түшүнүк болсо, Айдын тутулуусу эл башына оор күндөр, табигый кырсыктар келээри жөнүндөгү кабарлоо катары жамандыкка ыроолошкон. Эки жаштын баш кошоор күнү ай тутулган күнгө туш келсе да жамандыкка ыроолошкону, үй-бүлө трагедиясына алып келген салт Башкорт драматургу Мустай Каримдин “Ай тутулган түндө” пьесасында абдан кайгылуу берилгени, жана Бурят элинин Ай жана кыз” жомогу, ушундай эле жомок кыргыз элинде да бар экендиги айтылат.

Эзелтен кыргыз эли өзүнүн салт-санаасында кыздарын назик,таза,элпек,ак пейил, татынакай, тыкан, эл алдында адептүү болуусун тилеп да,жана ал үчүн талап да коё билген

Ошол багытта эл ичинде ар түрдүү макал-лакаптар жаралган. Кыргыз элинин жашоо-турмушунда макал-ылакаптардын, руханий дөөлөттөрүбүздүн орду өзгөчө экенин эч ким тана албайт.

Эл ичинде кеңири колдонулуп келаткан мына ушул макал-лакаптарды талдай келгенибизде кыз-келиндер темасы өзгөчө орунда турат. Коомдогу аялзатына карата болгон мамиледеги мындай көркөм мурас бекеринен жаралбаган.

Кыздын кырк чачы улуу. Кызга кырк үйдөн тыюу. Жакшы кыз – жакадагы кундуз. Гүл өссө – жердин көркү, кыз өссө-элдин көркү. Ашыккан кыз эрге жетпейт, эрге жетсе, этеги жерге жетпейт. Кыздуу үйдө кыл жатпайт. Кыз кылыгы менен жакшы, ийне учугу менен жакшы. Калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт.

Кыз баласы кызыктырат. Кыздын сулуу болушу кудайдан, улуу болушу өзүнөн. Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт. Кыздуу кыраң ашат. Аял жакшы-эр жакшы, Обозгер жакшы-кан жакшы. Мата даңкы менен бөз өтөт, ата даңкы менен кыз өтөт. Үйдүн көркү аялда. Жакшы аял капкалуу шаар сыяктуу эзелтен мыйзамга айланып калган эрежелердин сакталышы бул баалуулуктардын мазмунунда инсандык,адамдык касиеттер сакталгандыгында. Бул макалдардын дагы бир негизги мааниси – аялзатынын үй-бүлөдөгү ролу бийик экенин көрсөтүү. Үй-бүлөнү сактоо, турмушка тутка болуу, кыйынчылыкка чыдоо – аялзатына тагылган милдет экендигин, ошондой эле үй-бүлөнү жашоо баалуулугуна айлантуусу, күйөөсүн, кайын журтун сыйлаган адебин бекеринен элдик ойлордо бакытка, байлыкка, алтынга теңебеген. Ошол сыяктуу кыргыз элинин жигиттери өтө намыской болгондугун, Коёнду камыш өлтүрөт, эрди намыс өлтүрөт. Эл үмүтүн эр актар, эр атагын эл

сактар. Эр жигит эл четинде жоо бетинде. Эр болсоң көк бол, айткан сөзгө бек бол – деп өзүнүн чыгаан уулдары, эр азаматтары жөнүндө ушул сыяктуу эң жөнөкөй жомок ырлардан тартып, "Манастай" залкар чыгармаларына чейин даңазалап келген [5].

Азыркы мезгилдеги коомдук өнүгүүнүн процессинде глобалдаштыруунун (ааламдашуу) пайдасы менен биздин улутка тийгизген зыянын салмактап көрүп,оң таасирин арбытууга, зыянынан арылууга аракеттенишибиз керек. Элибизде талапка ылайык комьютерлештирүү ж.б. келиши мыкты,мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бирок,биздин кыргыз этносунун кылымдар бою калыптанып калган моралдык-нравалык мурастары катары,бөлөк элден айырмалануучу этномаданияттын бузулуп жок болушуна жол бербешибиз керек. Ал үчүн ага каршы көптөгөн чараларды колдонуу талап кылынат,анын алгачкыларынан болуп этностук философияны макал-лакап, учкул сөздөн, фразеология менен идеомад көркөм чыгармалардагы образдардан таап үйрөнүү маселелери камтылат. Тактап айтканда, келечек муундарга ар тараптуу терең билим берүү, аларды келечекке, коомго керектүү инсан кылып тарбиялоо – жалпы педагогикалык жамааттан көптөгөн чыгармачылык менен иш алып барууну талап кылыт [6].

Ошондой эле Кыргыз тилиндей бай ийкемдүү, ыргактуу, мукам, көркөм тилди табуу кыйын экендигин түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. Анткени, байыртадан кыргыз этностору өздөрүнүн улуттук таза чыгармачыл маданиятына ылайык, анын тили (жөнөкөй), жатык, сингармониялык ыкмада сүйлөшүү менен калыптанган. Муну кандайча түшүндүрүүгө болот? Алсак, үйдө же эл арасында болобу улууларга бир да кичүү адам үнүн көтөрүп катуу сүйлөбөгөн. Аталар, кыз баласына тик карап сүйлөмөк тургай, айткан акыл-насаатын энеси, жеңеси аркылуу билдирген. "Эстүүнү этекке чапса билет", "Акылы жокко айта бар" ж.б. сыяктуу кыйытма көмүскө, айтылбаган, сүйлөнбөгөн, каймана мааниде "Керегем сага айтам-келиним сен ук, уугум сага айтам, уулум сен ук" дегендей жанытма, элпек жатык тилде сүйлөшкөн.

Азыркы турмушубузда болуп жаткан терс көрүнүштөр дейбизби, булардын баары сырттан келген, бизге таптакыр бөлөк-бөтөн идеологияны, системаны таңуулагандын жыйынтыгы деп айтылып жүрөт..

Демек, жаңы муундагы техникалык системалардын, глобалдуу коммуникациялык жаңы технологиялардын үстөмдүгү мурдагы баалуулуктарды ырайымсыздык менен жокко чыгарып, жаңы типтеги баалуулуктарды сунуштоодобу? Маалыматтык доор, ааламдашуу процесси биздин коомдо, өзгөчө жаштар арасында жаңы кызыкчылыктарды, жан багуунун буга чейин болуп көрбөгөн формаларын жаратууда. Бул пайда болгон жаңы формалар эффективдүү, жашоого шайма-шай. Ошондуктан алар улуттук баалуулуктарды барган сайын аң-сезимдин түпкүрүнө түртүп коюп жатышат. Мындай шартта биз кандай чараларды колдонушубуз керек?" деген пикир Ж. Кенжеш кызынын "Азыркы жаштардын келечегине балта чапкандар кимдер" макаласында курч берилген.

Философия илимдеринин доктору, профессор М.Ж. Жумагулов: "Канга,жанга, этностук менталитетибизге сиңген тарыхыбызды, санжырабызды, тил өнөрү, маданияты, чечендикти баалоо, сөздүн кадырына жетүүнү жаштар турмак, айрым жашап калган адамдар барк албаган тейдебиз", – деп өкүнүп жазган (Рух улаган улуу сөз, – 2003, 5).

Акыркы кездердеги дагы эле күч алган миграциялык процесстер, тарбиясыздык,тартипсиздик ж.б. коомдогу айрым терс көрүнүштөрдүн себеби эмнеде?

Мына ушулардын баары ата-энелердин,улуулардын, мамлекеттин күнөөсүбү?

"МЕН КҮЙҮП-ЖАНБАСАМ, СЕН КҮЙҮП-ЖАНБАСАҢ, АЛ КҮЙҮП-ЖАНБАСА, АНДА КИМ ТҮНГӨ ШООЛА ЧАЧАТ"! (НАЗЫМ ХИКМЕТ).

Мына ушундай даанышмандардын сөзүн кантип түшүнөбүз? Келгиле балдар! Баарыбыз чогуу аракет кылып айтылган акылман сөздөрдүн маанисин чечмелейли, мисалдарды келтирели, – деген мугалимдин аракети, берген маалыматтары жаштарды туура багытка буруунун бир кыпындай иши деп бааласак болот.

Назарыңыздарды сабак учурунда колдонулган дагы айрым бир тексттерге бурмакчыбыз.

Тапшырмалар: Берилген маалыматтарды окуу, пайдалуу жыйынтыктарды чыгаруу, (Интернет булактары боюнча. Студенттер тапкан маалыматтар, Ар бири өз маалыматын окуп берет).

1-Студент:Америкалык психолог Марш Иган адамзаттын жашоосун жеңилдетүү үчүн ойлоп табылган технологиялар, тескерисинче, аны орду толгус жоготууга учуратып жатат деген пикирде. Мисалы, виртуалдык турмушка баш-оту менен кирип кетип, чыныгы турмуштан алыстап бара жаткан балдардын келечеги кандай болот? Андайга көнгөн бала, убакыт өткөн сайын жашоо шарттарына, турмушка калыптана албайт. Жашоого керектүү сапаттардан оолак болуп калат. Ал эми компьютердик оюндарга көз каранды бала ошол оюндагы таш боордукту, ырайымсыздыкты бул дүйнөгө көчүрөт. Адам өлтүрүү жеңил сезилип калат. Адамдын өмүрүн бир тыйынга дагы баалабай калуу коркунучу бар.

Ырас, заманыбыз алдыга оозуп баратат. Техниканын өсүшүнө таң калууга болбой калды. Ошентип Интеллекти өнүгүп баратса да,адептик,ыймандык сапаттары төмөндөп баратат. Күн сайын көргөнү – атышуу, мушташуу, өлтүрүү, зордуктоо, карактоо, ичкиликтер тууралуу, киши жегичтер, наркомандар, сойкулар жөнүндөгү фильмдер. Мына, балдардын күндөлүк алган руханий азыгы, көргөн-өскөн таалими.

2-Студент: ВИЧ – СПИД деген эмне? Кыргызстанда бул илдетти жугузуп алгандардын 85% баңгизатты колдонуп, ийне аркылуу жуктурушкан. Дүйнө жүзүндө ВИЧ – СПИД менен ооруган адамдардын көпчүлүгү 25–35 жаштагы жаштар. Кыргызстанда да абал ошондой. Кыскасы, бул дарт адамдын жашына, социалдык статусуна карап тандалбайт ж.б.

Тапшырма: Ч. Айтматовдун “Менин мекеним” деген макаласынан үзүндү. (Өз ата тегин иликтеп үйрөнүү дөгү орошон ойлор рубликасына студенттердин көңүлүн буруу)

1. Эгерде адам (жигит) өзүнүн жети атасын билбесе, анда ал өз элинин тарыхын, түпкү тегин да билбейт. Мисалы: Кыргыз эли жети атасын билбегендерди “жетесиз” деген. Бул өз кезегинде туура коюлган талап болгон. Мында Атасыз балдардын төрөлүшүнө жол бербөө маселесин камтыган болсо, “Ата-балага, эне-кызга сынчы”. “Кыздын сыры төркүнгө маалым”, Адамдын күзгүсү – адам” деген өңдүү турмуштук тажрыйбалардан жаралган орошон ойлор өзгөчө ата-эненин кеп кеңешин угуп,тарбиясын алуунун пайдалуугугун ырастайт.

2. Биздин айылдын карыялары ар бир баладан: “Кана, жети атаңды айт!” – деп катуу талап менен сурашар эле. Элдин акыл – эс мурасы да, муундардын байланышы да мына ушуга негизделген. “Ата-тегин билбесе, ата-бала бири-бирин сыйлабай калат”, – дешчү карылар. Бул жөнөкөй элдик философияны мен бала кезде уккан шекерлик абышкалардын насаат сөздөрүнөн алгамын. Мен – шекерликмин,ошон үчүн бул жакшы кааданы алигиче унутпаймын. Менин атам – Төрөкул, Төрөкулдун атасы – Айтмат. Айтматтын атасы – Кимбилди, Кимбилдинин атасы – Кончужок.

3. Демек, Автордун айтканы боюнча жети атаны билүү, баарыдан мурда, муундардын байланышын сактоо, каада-салттарды урматтоо, карыяларга сый көрсөтүү.

Тапшырма: Берилген тексти улантып окуп келүү.Автордун айткандары боюнча өзүңөрдүн ата-тегиңерди билесиңерби? Ошондой эле турмуштан алынган кызыктуумисалдарды жазууга аракет жасоо. (Мүмкүн сенин чоң атаң күлүк таптаган саяпкер болгон чыгар, изилдөө жүргүзүү ж.б.).

Тапшырма:

1. Берилген текстке ат койгула. Автор текстте эмне деген ойду айткысы келген? Эсинерде калган боюнча ушул үзүндүнү улап жазып көргүлө.

2. Маңкурт жөнүндө баян. Бул легенда Ч. Айтматовдун кайсы чыгармасында эскерилет (берилет).

Студенттердин жооптору берилет.Алардын текстке ат кою тапшырмасына берилген жооптор ар түрдүү болду, ар түрдүү аталыштарды тандашты. Мисалы: ТУТКУН, ЗАР ЗАМАН, БАЙКУШ ЭНЕ ж.б. деген аталыштарды беришти. Ошонун ичинде баарыбызга жаккан "ӨЗ ЭНЕСИНЕ ЖАА ТАРТКАН МАҢКУРТ" деп текстке ат коюлду, муну укканыбыз боюнча тандап алдык.

Маңкурт деген эс-акылынан ажыраган бир сөлөкөт: өзү ким, эл-жери кайда, ысымы ким, атасы ким, кайда, качан чоңойгон, эчтеме эсинде калбайт, эчтемени билбейт, кыскасы, өзүн адам деп эсептебей калат. Өзүн-өзү таануудан калганы менен маңкурттун чарба-тиричиликте бир топ артыкчылыгы бар. Өзү аягы айры,башы кара, бир макулук болгон соң, айдаган жакка кыңк этпей басат, айткан ишти кыңк этпей аткарат. Качам – коём, каяша кылам деген ой түшүнө да кирбейт. Кул ээсин ар качан түпөйүлдөткөн нерсе кулдардын көтөрүлүшү болчу эмес беле. Кулдардан маңкурттун айырмачылыгы – ал каяша кылуу, каршылык көрсөтүү деген сезимден ажырап калган. Ошондуктан аны дайым көзөмөлдөп,кароол коюунун, бөтөнчө андан чочулоонун эч кереги жок. Маңкурт итке окшоп ээсин гана ээрчип калат, ээсин гана тааныйт. Башка эч жанды тааныбайт да, билбейт, ошон үчүн башка бирөө менен сүйлөшпөйт. Анын бар болгон ою- кара курсак. Башка эч камы жок.

Үй тапшырмасы (Кошумча.Чыгармачыл, сөз өстүрүү боюнча берилген Сценка даярдоо. Оюн сабак тапшырмасы.Студенттер аткарышат жана алардын чыгарманын маани маңызын туура түшүнүүсүн калыптандыруу. ЖАРНАК жазышат аны доскага илишет. Ушул даярдалган спектаклге көрүүчүлөр чакырылат. Жарнама, Билдирүү ж.б. тексттерин туура, так, эрежелери менен жазууга көнүктүрүү). ӨЗ ЭНЕСИНЕ ЖАА ТАРТКАН МАҢКУРТ. Найман эненин, Маңкурттун. Автордун ж.б. каармандардын ролуна конкурстук негизде аткаруучулар тандалат. Үлгү: НАЙМАН ЭНЕ: – Отурчу, сүйлөшөлү АВТОР: – деди НАЙМАН ЭНЕ оор үшкүрүп.Экөө бет маңдай отурушту. НАЙМАН ЭНЕ: – Мени тааныйсыңбы? Маңкурт башын чайкады. НАЙМАН ЭНЕ: – Сенин атың ким? – Маңкурт. АВТОР: – деди ал.

1. Тапшырма: Биз сабакта Facebook тармагынын жакшы өзгөчөлүктөрү тууралуу билдирүү жасашыбыз керек. Билдирүүнүн тезиси даярдалат..

2. Социалдык тармактардын терс жактары тууралуу билдирүү жасоо. Билдирүүнүн тезиси даярдалат. (Студенттер өз ойлорун кантип билдиришти? Талкуу жүргүзүү иштери менен коштолуп турат).

Студент: Азыркы учурда байланышып туруу абдан маанилүү.

Дүйнө тынымсыз өзгөрүп турган кез.

Адамдар өз тааныштарын,досторун,классташтарын тез табуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Жаңы адамдар менен таанышып,кызыкчылыктары боюнча топтошо алышат.

Оюн ойноого, комментарий калтырууга болот.

Тармакта жөн гана баарлашса болот.

Адам өзүн эбегейсиз чоң дүйнөнүн бир бөлүгү, дүйнөнү чарк айланып жүргөндөй сезет.

Бирок, достор! барды нерсе эле бир караганда ушундай сонун эмес.

Вертуалдык баарлашуу реалдуу баарлашууну четке чыгарып салгандай

Жашоону ойдон чыгарылган чындык менен алмаштыруу үстөмдүк кылып жатат. Колдонуучулар өз жакын адамдарын,чыныгы досторун унутуп бара жатышат. Реалдуу

эмоциялар виртуалдуу эмоциялар менен алмашып бараткандай (Жандуу баарлашуудагы мимика,кыймыл,көздөр менен контакт түзүүж.б.) Адамдагы сезимдер шрифтин размери жана быйтыкчалар менен берилип калды.

Тапшырма: Интернет желелерине кирип Өмүрзак Кайыповдун аткаруусундагы ЖЕҢИЖОКТУН "Аккан суу" Ырын уккула. Уккан боюнча алган таасириңерди бири-бириңерге айтып бересиңер. Эстеп калган ыр саптарын доскага чыгып жазуу иштери жүргүзүлөт, саптарды иретке келтирүү, каталарды оңдоо иштери улантылат.

КОРУТУНДУ:

1. Улуттардын өз ара бири-биринин тилин билип, дилин түшүнүү бирден бир зарылдык болуп турган шартта мындай сабактардын тиби өзгөчө мааниге ээ. Мына ушундай азыр биз сөз кылып жетише албай калган көп маселелерди сабактарыбызда колдонуп, жаштарды тарбиялоодогу милдетибиз катары карап, аларды ыгы менен колдоно билүүгө жасаган аракетибиз, биздин ата-бабанын эл үчүн, урпактар үчүн кылган үлкөн иштерин урматтобуз деп эсептейм.

2. БУУнун ар тараптуу ишмердигин чагылдырган маалыматтар боюнча. Документалдуу тасма көрүү. Темасы: "УКМУШТАЙ КИРЕШЕЛҮҮ, АБДАН КАРГАШАЛУУ", – деп аталат.Тасма маалыматтарына анализ жүргүзүү. Студенттер тарабынан ар түрдүү талкуу жаралды. (Талкууга алынган маалыматтар ар тараптуу болду).

БУУнун адистеринин эсептөөлөрү боюнча, учурда дүйнө жүзүндө 200 миллиондон ашык адам мaң заттарын колдонот. 21-кылымда күч алып кеткен эл аралык террорчулуктун жанында баңгизат маселеси экинчи планга калып калганы менен, кыйратуучулугу, зыяндуулугу жагынан дагы деле алдыңкы орунда турат.

Маселен, таза героиндин 1 килограммы Ооганстанда 4–5 миң долларга соодаланат. "Наркобарондор" аны Туркияга алып өткөн кезде 1 кг. героиндин баасы 25–35 миң долларга чыгат. Андан ары Грецияга жеткенде бул баа 50 миң долларга жетсе, Англиядан кылмыштуу топтор аны Лондондун өспүрүмдөрү менен капчыгы калыңдарына 100 миң доллардын тегерегинде сатат. Акыры, океандын ары жагына өтүп, Нью-Йорктун көчөлөрүнө жеткенде, ошол эле 1 кг. героиндин баасы 160–200 миң долларга чейин көтөрүлөт .ж.б.

Андыктан,акыры барып жалпы коомчулукту өтө чоң жоготууларга алып келе турган маң заттарын жайылтуу аракеттери жакын арада басыгынан жазчудай эмес.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Рысбаев С.К., Сыдыкова Б.Ч. Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун маселелери. – Бишкек, 2002.

2. "Кыргыз Туусу" гезити 31-август–3-сентябрь, 2007-жыл. 11-б. Кыргыз этнопедагогикасы, этномаданияты кыйрап калбасын (макала) Ж. Дүйшеев.

3. "Кут Билим" гезити 15-декабрь, 2005-жыл. 9-б. "Кыргыздардын Айга карата этнопедагогикалык түшүнүктөрү" (макала) Абдыкерим Муратов.

4. "Кыргыз Туусу" гезити. 13–15 июнь. 2006-жыл. 6-б. .Ааламдашуу деген эмне? (макала) Н. Байжигитов.

5 Иманакунова К.Ш. Кыргыз макалын кыргыз тили сабагында колдонуунун методикасы. – Бишкек, 2019.

6. Шабданова Г.О. Көркөм образдарды окутуу. Кыргыз билим берүү академиясынын КАБАРЛАРЫ. – Бишкек, 2022. – №2(57). – 80–83-бб.

**Рецензент: филол. илим. канд., доц., проф. м.а. А. Абдыкалыкова**

.